12. Муратаалы Күрөнкеев жана анын чыгармачылыгы жаш муундарга эстетикалык тарбия берүү шартында (статья) http://www.science-journal.kg e-mail:sje.kg.2009@mail.ru Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – №7. – 205-208-бб.



ISSN 1694-7649

**ЖУРНАЛ «НАУКА И ТЕХНИКА» ОСНОВАН В 1993 ГОДУ,
ПЕРЕИМЕНОВАН В «НАУКА И НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ» В 1996 ГОДУ,
ПЕРЕИМЕНОВАН В «НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ
КЫРГЫЗСТАНА» В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО**

**Республиканский научно-теоретический журнал**

# Н А У К А, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА

## № 7, 2018

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

БИШКЕК 2018

**ISSN 1694-7649 (печатная версия)**

# Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана 2018. № 7 (Июль)

**РЕСПУБЛИКАНСКИЙ НАУЧНО-ТЕОРЕТИЧЕСКИЙ ЖУРНАЛ**
Журнал зарегистрирован в Российском индексе научного цитирования **(РИНЦ)**
(Лицензионный договор №001-01/2015 от 12.01.2015).
**Импакт-фактор (0,125)**

**Главный редактор:** Токторалиев Б.А., академик НАН КР.
**Ответственный редактор:** Д. Жапаров, профессор

**Редакционная коллегия:**

**Алиева Г.М.,** д.филос.н., к.хим.н., профессор (Москва).
**Айдарова Г.Н.,** доктор архитектуры, профессор (Казань).
**Арабаев Ч.И.,** член-корр. НАН КР, д.ю.н., профессор.
**Артыкбаев М.Т.,** д.филос.н., д.полит.н., профессор.
**Байгазиев С.О.,** д.филол.н., профессор.
**Балтабаев М.А.,** д.м.н., профессор.
**Давлятов У.Р.,** д.т.н., профессор.
**Дженбаев Б.М.,** д.биол.н., профессор.
**Джумабаев К.Дж.,** д.э.н., профессор.
**Жакыпбеков Ж.Ж.,** д.и.н., профессор.
**Жумабаев А.Р.,** д.м.н., профессор.
**Изаак С.И.,** д.пед.н., профессор (Москва).
**Исаев К.И.,** д.филос.н., профессор социологии.
**Канаев Р.А.,** д.м.н., профессор.
**Кобулиев З.В.,** член-корр. АН РТ, д.т.н., профессор (Таджикистан).
**Кожобаев К.А.,** д.т.н., профессор.
**Кочербаева А.А.,** д.э.н., профессор.
**Куспангалиев Б.У.,** доктор архитектуры, профессор (Казахстан).
**Мамбетакунов Э.М.,** член-корр. НАН КР, д.пед.н., профессор.
**Мамытов М.М.,** д.м.н., академик НАН КР, профессор.
**Метленков Н.Ф.,** кандидат архитектуры, профессор.
**Молдоев Э.Э.,** д.ю.н., профессор.
**Мукимов Р.С.,** доктор архитектуры, профессор (Таджикистан).
**Муксинов Р.М.,** доктор архитектуры, профессор.
**Нургазиев Р.З.,** член-корр. НАН КР, д.вет.н., профессор.
**Панков П.С.,** член-корр. НАН КР, д.ф.-м.н., профессор.
**Собуров К.А.,** д.биол.н., профессор.
**Субанова М.С.,** д.биол.н., профессор.
**Усманов С.Ф.,** д.т.н.
**Чодураев Т.М.,** д.геогр.н., профессор.
**Шермухамедова Н.А.,** д.филос.н., профессор (Узбекистан).

Журнал зарегистрирован в Министерстве юстиции Кыргызской Республики (Свидетельство о государственной перерегистрации серия ГПЮ №150408-3301-ОО код ОКПО 20224813 от 3 ноября 2015 г.).
Издается с 1993 года.
**Выходит ежемесячно:**
**12 выпусков в год.**

Сдано в набор: 20.07.2018.
Подписано в печать: 29.07.2018.

Формат 70x108/16
Бумага офсетная.
Гарнитура: «Таймс».
Печать офсетная.
Усл.печ.л. 15,0 п.л.
Тираж 100 экз.

**ИЗДАТЕЛЬСТВО:**
**ОсОО «Издательство научных журналов и детской художественной литературы».**
**г.Бишкек**

**АДРЕС РЕДАКЦИИ:**
720040, Кыргызская Республика,
г.Бишкек, ул. Боконбаева, д. 99, 3 этаж.
Тел.: (0312) 30-32-97, 0772 268215.
http://www.science-journal.kg
e-mail: sje.kg-2009@mail.ru

И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ МЕКЕМЕСИ г. БИШКЕК
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**_ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ_**
**_ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ_**
**_PEDAGOGICAL SCIENCES_**

***Джакыпов К.К.***
КОМУЗЧУЛУК ӨНӨР ТАРЫХЫЙ ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК-ЭСТЕТИКАЛЫК ШАРТТАРДА.......196
***Джакыпов К.К.***
ИСКУССТВО КОМУЗА В ИСТОРИЧЕСКИХ И ПЕДАГОГИКО-ЭСТЕТИЧЕСКИХ УСЛОВИЯХ…196
***K.K. Dzhakypov***
ART OF KOMUZ IN PEDAGOGICAL-AESTHETIC AND HISTORICAL CONDITIONS…196

***Ибраева А.Т.***
СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМИНИН ЖЫЙЫНТЫГЫН ЭФФЕКТИВДҮҮ БААЛООНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ……201
***Ибраева А.Т.***
ПРОБЛЕМЫ ЭФФЕКТИВНОЙ ОЦЕНКИ РЕЗУЛЬТАТОВ ЗНАНИЙ СТУДЕНТОВ………. 201
***A.T. Ibraeva***
THE PROBLEMS OF EFFECTIVE EVALUATION OF STUDENTS KNOWLEDGE RESULTS……201

***Джакыпов К.К.***
МУРАТААЛЫ КҮРӨНКЕЕВ ЖАНА АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖАШ МУУНДАРГА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ ШАРТЫНДА.......205
***Джакыпов К.К.***
МУРАТААЛЫ КУРЕНКЕЕВ И ЕГО ТВОРЧЕСТВО В УСЛОВИЯХ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ…..205
***K.K. Dzhakypov***
MURATAALY KURENKEEV AND CREATIVITY IN TERMS OF AESTHETIC EDUCATION OF THE YOUNGER GENERATION.......205

**_ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ_**
**_ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ_**
**_PHILOLOGICAL SCIENCES_**

***Чойбекова Н.Т.***
АНГЛИС ЖАНА НЕМЕЦ ТИЛДЕРИНИН «КААЛАГАНДЫК» ЖАЛПЫ КАТЕГОРИАЛДЫК СЕМАНТИКАСЫНА ЖАНА «КААЛАЙТ» ТАЯНЫЧ МААНИСИНЕ ЭЭ БОЛГОН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК ТОБУНУН МОДАЛДЫК ЭТИШТЕРИ.......209
***Чойбекова Н.Т.***
МОДАЛЬНЫЕ ГЛАГОЛЫ АНГЛИЙСКОГО И НЕМЕЦКОГО ЯЗЫКОВ ФУНКЦИОНАЛЬНО-СЕМАНТИЧЕСКОЙ ГРУППЫ ОБЩЕКАТЕГОРИАЛЬНОЙ СЕМАНТИКОЙ «ЖЕЛАТЕЛЬНОЙ» И С ОПОРНЫМ ЗНАЧЕНИЕМ «ХОЧЕТ»……209
***N.T. Choibekova***
THE FUNCTIONAL SEMANTICAL GROUP OF GENERAL CATEGORICAL SEMANTICS OF DESIRED AND WITH THE SUPPORT WORD «WANTS» OF MODAL VERBS IN THE ENGLISH AND GERMAN LANGUAGES……...209

***Абдыраманова А.Ш.***
КЫРГЫЗ РОМАНДАРДЫН ПОЭТИКАСЫНДА АНИМАЛИСТТИК ЫКМАЛАР……...214
***Абдыраманова А.Ш.***
АНИМАЛИСТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА В ПОЭТИКЕ КЫРГЫЗСКИХ РОМАНОВ………..214
***A.Sh. Abdyramanova***
ANIMALISTIC MEANS IN POETICS OF KYRGYZ NOVELS……..214

***Чойбекова Н.Т.***
АНГЛИС ЖАНА НЕМЕЦ ТИЛДЕРИНДЕГИ МОДАЛДЫК ЭТИШТЕРДИ КЛАССТАРГА БӨЛҮШТҮРҮҮНҮН АТКАРУУ КРИТЕРИЙЛЕРИ.......218
***Чойбекова Н.Т.***
КРИТЕРИИ ВЫПОЛНЕНИЯ И КЛАССИФИКАЦИЯ ШИРОКОГО КЛАССА МОДАЛЬНЫХ ГЛАГОЛОВ АНГЛИЙСКОГО И НЕМЕЦКОГО ЯЗЫКОВ........218
***N.T. Choibekova***
THE IMPLEMENTATION OF CRITERIA AND CLASSIFICATION OF A WIDE CLASS OF MODAL VERBS IN THE ENGLISH AND GERMAN LANGUAGES……..218

**Авторлор тууралуу маалымат**.......223
**Сведения об авторах**.......226
**Information about the authors**....... 229


КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

*Джакыпов К.К.*

# МУРАТААЛЫ КҮРӨНКЕЕВ ЖАНА АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖАШ МУУНДАРГА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ ШАРТЫНДА

*Джакыпов К.К.*

# МУРАТААЛЫ КУРЕНКЕЕВ И ЕГО ТВОРЧЕСТВО В УСЛОВИЯХ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ

*K.K. Dzhakypov*

# MURATAALY KURENKEEV AND CREATIVITY IN TERMS OF AESTHETIC EDUCATION OF THE YOUNGER GENERATION

*УДК: 398.5(575.2) (04)*

*Макалада кыргыз музыкалык көркөм өнөрүнүн, искусствосунун эң көрүнүктүү өкүлү Мураталы Күрөнкеевдин руханий кенчин азыркы педагогикалык жана музыкалык илимдин жетишкендиктерин колдонуунун негизинде окуучулардын эстетикалык тарбиясын, маданиятын калыптандыруу процессинде пайдалануу актуалдуу маселе экендигине көнүл бурулат. Элдик музыкалык чыгарманын пайда болуу жолдорун, келип чыгуусун жана чыгарманы жаратуучу элдик таланттардын тарыхын, басып өткөн жолун М.Күрөнкеевдин мисалында ачыктап берүү – макаланын башкы максаты болуп саналат. Макалада элдик музыканы жана этностордун фольклорун педагогикалык багытта изилдөөдө азыркы гуманитардык илимдердин методологиялык жетишкендиктерин, жол-жоболорун пайдалануу абдан зарыл деп табылат. Кээ бир учурда элдик музыка жана фольклордо жазуу формасындагы берилген рационалдаштырылган маалыматтарга караганда алда канча бай, мазмундуу, адамдын жан дүйнөсүнүн калыптанышына керектүү руханий тажрыйба – өзгөчө формада топтолуп, камтылып турганы жашыруун эмес.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз музыкалык көркөм өнөрү, окуу процесси, эстетикалык тарбия, руханий музыкалык мурас, маданият.*

*В статье рассматривается актуальность и востребованность духовного наследия известного и талантливого представителя народной кыргызской музыки и искусства Муратаалы Куренкеева в процессе эстетического воспитания. Изучение духовных наследий таких представителей кыргызской культуры, как Муратаалы Куренкеев должна проводиться с использованием передовых достижений педагогической практики. На примере творческого пути М.Куренкеева открывается ставновления народного творчества, формирования личностного аспекта народной творческой культуры. В статье указывается ценность методологических достижений, новых прадигм исследования современных гуманитарных наук в изучении и исследовании народной музыки и этнического фольклора в педагогическом аспекте. В народной музыке и этническом фольклоре порой одержатся больше неявных зашифрованных сведений, которые играют очень важную роль в гармоничном, духовно развитом развитии внутреннего мира личности.*

***Ключевые слова:*** *кыргызское музыкальное искусство, учебный процесс, эстетическое воспитания, духовное наследие, молодое поколение, культура*

*The article discusses the relevance and relevance of the spiritual heritage of the well-known and talented representative of Kyrgyz folk music and art Murataaly Kurenkeev in the process of aesthetic education using the achievements of pedagogical and musical science. On the example of M.Kurenkeev's creative way, the beginnings of folk art, the formation of the personal aspect of folk art culture are revealed. The article points out the value of the methodological achievements, the new pradigms of the study of modern humanities in the study and study of folk music and ethnic folklore in the pedagogical aspect. In folk music and ethnic folklore, sometimes there is more implicit encrypted information that plays a very important role in the harmonious, spiritually developed development of the inner world of a person.*

***Key words:*** *kyrgyz musical art, educational process, aesthetic education, spiritual heritage, young generation, culture.*

Илимде белгилүү болгондой эстетикалык тарбия – бул инсандын искусстводо, табиятта, турмушта кооздукту сезип, туя билүү сезимдерин, эстетикалык идеалдарын жана табитин атайын максатка ылайык калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн таалим-тарбия иштеринин системасын айтабыз. Байыркы Грецияда жаралган философия эстетикалык тарбиянын негизги каражаты катары биринчи орунга музыканы койгон жана адамдын эстетикалык табитинин өсүшүнө бирден-бир таасир кылган нерсе – музыка, - деп эсептешкен. Бул көз караштЫ бир кыйла кеңейтип, Аристотель музыкага адабият менен театрды кошкон. Бирок, Пифагорчулар, байыркы грек философтору эстетикалык тарбиянын негизги каражаты катары музыканын ролун өтө жогору баалашкан. Аларда математика, логиканы, поэзияны, айрыкча, лирикалык чыгармалардагы образдардын тереңдиги, сөздөрдүн эмоционалдык байлыгы, назиктиги жогору бааланган. Ошол эле учурда, алардын музыка менен болгон айкалышы абдан зарыл экендигин, мисалы, лирикалык ырдагы сөздөрдүн музыкалык үнүн, ыргагын, кайрыктарындагы обон добушун уга билүүгө, үйрөтүүгө тийиш, - деп

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

белгилешкен. Мындай түшүнүк окуучуларды эстетикалык жактан тарбиялоодо кыргыз фольклорунун баатырдык жана лирикалык-романтикалык мүнөздөгү чыгармаларынын мазмун-манызын ачууда маанилүү орунду ээлейт. Эгер, биз окуучуларга «Манас» эпосун проза түрүндө гана окутсак, окуучулардын кабыл алуусунда интеллектуалдык багыт басымдуулук кылып, азыркы жашоого тиешеси аз байыркы фольклор катары экзотикалык мааниде үстүрт кабыл алып калышат. Эгер, биз ошол эпос-энциклопедиянын маанисин-сырын ачып, окуучуларга эстетикалык жана идеялык нарк-баасын, ички күч-кубатын, энергетикасын түшүндүрүүдө лекция түрүндө айтып берүү аздык кылат. Манасчы окуучулар аддында аткарып берсе, окуя кинодогудай көз алдыга тартылып, угуучуга эстетикалык сезим алып келери белгилүү. Манасчынын артистизми, үнүнүн кырааты, Манастын мелодиясы, музыкасы - улуттук маданияттагы руханий кенчтин сезиминин тили. Инсандын жан дүйнөсүнүн сөз жете албаган эң терең жана назик, эң купуя сезимдер музыка аркылуу ачылат, жеткирилет. Ошондуктан, музыка – бул окуу предмет эле эмес, ал сезимдин тилиндеги окуу китеби. Музыкалык маданияттын башаты, нукура табиттин калыптанышы элдик музыканы, табияттын музыкасын угуудан башталат. Аны үйрөнүп, өздөштүрүп алган киши гана эстетикалык маданиятка ээ болот. Мисалы, кыргыз элдик музыкасы табият менен абдан айкалышкан, эриш-аркак. Чоордо ойнолгон эң эле жөнөкөй обон булбул менен торгойдун ажайып сайраган үнүнөн кем эмес таасир калтырат. Табият музыкасын уга билиш үчүн окуучуларды элдик музыкалык аспаптарда ойноого жаш чагынан үйрөтүү зарыл. Музыка уктуруу менен бирге, ал чыгарманын пайда болуу жолдорун, келип чыгуусун жана чыгарманы жаратуучу элдик таланттардын тарыхын, басып өткөн жолун ачыктап берүү да тарбия-таалим таасирине чоң көмөк болоору белгилүү.

Ушул максатта, кыргыз улуттук музыкалык маданиятынын туу чокусунда турган элдик музыканттарыбыздын бири, залкар талант Муратаалы Күрөңкеевдин феноменин карап өтсөк. Ал 1860-жылы Ысык-Көлдүн күңгөй жагында Талды-Булак деген жерде туулган. Ал Көл аймагында 1930-жылдарга чейин жашайт. Андан кийин Чон-Кеминдеги «Кайынды» (азыркы Чон-Кемин) айылына келип туруп калат. Улуу музыканттын үй-бүлөсү ата-тегинен бери кернейчиликти, сурнайчылыкты, комузчулукту, кыякчылыкты аркалап, муундан-муунга мурас калтырган өзүнчө бир музыканттар династиясын түзгөн. Атасы Күрөңкөй эл арасында белгилүү комузчу болгондуктан үйүнөн ырчы, комузчу, кыякчы ж.б. эл шайырлары өксүчү эмес экен. Ушул себептен Муратаалы жаш кезинен эле элдик музыканын ширесине кана сугарылып, аны балалык баё сезимине сиңирип эс тарткан. Кичинекей Муратаалынын музыкага дилгирлигин байкаган атасы дайыма өзү менен кошо ээрчитип, аспаптарда ойноонун сырын үйрөтө жүргөн. Ал он эки жашка чыгып калган кезде айыл арасына кадимки комузчу катары тааныла баштап, он беш жашка чыккан-да атактуу комузчу Чыңгышбай менен чертишип жеңгенден кийин, элге даңазасы тараган.

Кыргыз элинде ата-бабалардан калган накыл кеп «өнөрлүү өлбөйт» - демекчи Муратаалы өз доорунда эл сыйлаган кадырман шайыр катарында ар бир үйдүн, ар бир айылдын ардактап күткөн сыйлуу адамы болгон. Ал кезде Муратаалыга окшогон атактуу эл шайырларына буга чейин айтылып келгендей бай-манаптардын ыза-кордук көрсөтүүсү бери эле болгондо турмуш чындыгына жакындашпайт десек жаңылышпайбыз.

Айылына келген өнөр адамдарын колунда бар оокаттуулар, айыл аксакалдары же жергиликтүү бийлик ээлери колунан келишинче сыйлап, алдына ат тартып, үстүнө чапан жаап, ал тургай айрым атактуулар марттыгын даңазалаш үчүн алдына үйүр менен жылкы айдатып, айылына келип көңүл черин тараткандыгы үчүн ыраазычылык билдирип өз эли-жерине узатып жиберишкендигин кимдер тана алат. Мындай көрүнүштү ошол кездеги коомдук түзүлүшкө, элдик каада-салтка саясий көз караштарга байланыштырсак болот. Эл аралап өнөр тартуулаган бул адамдар аркылуу ал кездеги бийлик, байлык ээлери өз атак-даңкын элге жайылткылары келгендигине мезгил күбө [1].

Музыка таануучу В. Виноградов: «Муратаалынын аткаруусунда жүздөгөн комуз, кыяк, чоор, сурнай, күүлөрү толук элдин музыкалык чаңкоосун кандырган. Кийинчерээк казак элинин атактуу ырчысы Жамбул менен дос болгондуктан казактын домбрасында да ондогон казак күүлөрүн ойноп, ырларын аткарган. Ошонун натыйжасында бардык аспапчылар сыяктуу эле ал дагы ойногон комузун өзү жасап, бир бетин комуз, ал эми экинчи бетине берене тагып, домбра кылып ойноп жүргөн», - деп жазат [2].

Мен кыргыздын күүлөрүн үйрөнүп чертүү менен гана чектелген жокмун. Казак, кыргыз бир тууган эл болгондон кийин, алардын күүлөрүн, обон ырларын да үйрөндүм. Жамбыл акын менен күү чертишип, жерин кыдырып, элин аралап калганым да ошондон болгон, деп Муратаалы казак күүлөрүнөн: «Майкөттүн кара күүсү», «Кожотайдын кара күүсү», «Кулматтын кара күүсү», «Жамбылдын кара күүсү» деп черткен [3]. Залкар комузчу күү чертүү, кыл кыякка ойноо жана башка музыкалык аспаптарды аткаруу менен чектелбеген. Ал өзүнүн узак жашаган өмүрүндө улама сөздөрдү да таасын билген жана аны айтуу жагынан алдына адам чыгарбаган санжырачы болгон. Ошондой болсо да Муратаалынын чыгармачылыгындагы эң башкы орунду комузчулук ээлейт. «…Ал «Күүнүн башы Камбаркандан» баштап, комуз музыкасындагы бардык жанрларды, түрлөрдү черткен. Өзүнүн чыгармачылыгында комуз музыкасындагы эң башкы, эң татаал жанр залкар күүлөрдү өнүктүргөн жана негиз салуучулардын биринен болгон. Залкар күүлөрдө айтайын деген ой, берейин деген идеясы бүтүндөй терең ойлуу кайрыктар менен баяндалып, оң кол чакмак

алгандай ойнотулбастан тең салмактуу, өтө сабырдуу аткарылат. Булардагы негизги өзгөчөлүк аткарылып жатканда араларына ыр же сөз кошулбайт [4].

Муратаалынын репертуарында комуз күүлөрүнүн мазмунуна, аткарылышына, келип чыгуу таржымалына ж.б. карата бөлүнгөн жанрлары боюнча өзүнчө күүлөрдүн галареясы түзүлгөн.

Мисалга алсак салт күүлөр болгон «Камбаркандардан»: «Күрөңкөйдүн Камбаркан», «Байгазынын Камбаркан», «Даниярдын Камбаркан», «Сейилкандын Камбаркан», «Асанбайдын Камбаркан», «Терме Камбаркан», «Сыртпайдын Камбаркан», «Кененбайдын Камбаркан» ж.б. деп ар бир күүнүн маңызын чыгара черткен.

Ал эми «Ботойлордон»: «Күрөңкөйдүн ботою», «Муратаалынын ботою», «Боккотөндүн ботою», «Кудайырбектин ботою» ж.б. түпкү келип чыгуусу ботосу өлгөн төөнүн арманынан башат алып, бара-бара салт күүлөргө айланган «Ботойлор» жанрынан да ар кандай деңгээлдеги, ар кандай доордогу жашап өткөн комузчулардын күүлөрүн зор чеберчиликте аткара билген. «…Ал кездеги кыргыз таланттарынын карыясы да жана ошондой эле чыгармачылык узак жолду басып өткөн даңктуу комузчу, кыл кыякчы, чоорчусу да Муратаалы болуп саналган.

Анын чыгармачылык кесиптеги зор гумандуулугу эки жүзгө жакын күү, обон ыр күүлөрдү билсе да, аларды элдик мурас катары карап, өз атын, даңкын көтөрүүгө умтулбагандыгы. Муратаалы комузда кандай ойносо кыл кыякты да ошондой эле чеберчиликте эркин кыябына жеткире ойногон. Бизге белгилүү болгон кыякчылардын ичинен Муратаалыга тең келгени болгон эмес. «Анын кыягы адамча сүйлөөр эле», – деген сөз эл арасында аңыз кылып айтылган.

Ал абалтадан эле добушу адамдын речтик интонациясы менен үндөшкөн бул аспапта элдин турмушун, тарыхын, ой-толгоосун, жаратылыштын сулуулугун, сүйгөн, күйгөн, арман, эмгек, жаныбарлардын үндөрүн, куштардын сайраганын туураган, азыркы учурда калкыбыздын калың катмарына кеңири таанымал кыяк күүлөрүн аткарган. Булардын ичинен мал чарбачылыгына байланыштуу "Бекбекей», «Жылкычынын шырылдаң», «Ак токту», «Тору кашка ат кокуй» ж.б. күүлөрүн угуу менен ар бир күүсүнүн тарых-таржымалынан элибиздин мал чарбачылыгы жаатындагы турмушунан кабардар болобуз. Мисалга «Ак токту» деген күүсүн алсак, кыяк аспабынын мүмкүнчүлүгүн кеңири пайдаланып, түнкү жайлоодо ууру-бөрүдөн короо кайтарган кыз-келиндердин «Бекбекей» айтып күзөттө тургандагы бир окуясын чагылдырат. Кайран токту небак эле карышкырлардын карынынан жай тапса керек, - деп ар бир каармандын үнүн, мүнөзүн элестүү кыла келиштирип тартчу экен кыякты, Муратаалы учурунда. Мына ушундай керемет күүлөр аркылуу биз өткөн доорубуздагы көчмөн элибиздин көйгөйлүү турмушунан көз алдыбызга тартылган эпизоддорго күбө болобуз.

Ал эми журтчулугубузга кеңири таанымал, жаш муундарыбыздын сезимине мектеп босогосунан жакын тааныш, айтылуу «Кер өзөн» күүсүн угуу менен көз алдыбызга керемет кыргыз жери жөнүндө укмуштуу бир уламыш айтылгандай эпикалык мүнөздөгү музыкалык баянды туябыз. Болбосо,ак сакалы жайкалган, ак калпагы шаңкайган залкар манасчы Улуу тоонун башынан туруп, казганактап жыйылган калың элге керемет кыргыз жери жөнүндө Манас эпосундагы айтылуу «Каныкейдин жомогундагыдай» көзүнөн жашын куюлтуп, уккан элдин эсине көп нерсени туюнтуп, Сары-Өзөн, Кең-Чүй, Кең-Таластай жерлерибиздин сулуулугун, көркөмүн, байлыгын сүрөттөп, аны көздүн карегиндей сактоого, суук сөздөн, сугун арткан көздөн коргоого чакыргандай сезимге дуушар болобуз.

Мындан сырткары да залкар таланттын программалуу чыгармаларынын кайсынысын укпайлы, элдижерди сүйүүгө, кооздукка, көркөмдүккө, сулуулукка аяр мамиле кылууга, патриоттуулукка үндөгөн элдик музыкалык маданиятыбыздын кенчине айлангандыгы талашсыз.

Муратаалы Күрөнкеевдин чыгармачылык парасаты тууралуу Аалы Токомбаевдин пикири: «… Муратаалы – кыргыз элинин музыка казынасынын залкар адамдарынын бири. Муратаалы менен Карамолдонун атын атаганда элдик музыканын классиктери. Алар өзүлөрүнүн элдик чыгармалары менен музыкалык маданиятыбызга эбегейсиз бай мурастарын калтырышты. Алар өзүлөрүнүн өлбөс-өчпөс эмгектери менен өзүлөрүнө эстелик тургузушту десек ката болбойт. Бул эки алптын чыгармалары биздин музыкалык маданиятыбыздын өөрчүй турган булактарынан болуп эсептелишет. Мен билген кыргыз комузчуларында бул эки алпка тен келе турган чеберлери жок. Ал экөө бардык комузчулардын устаты болуп эсептелет. Шакирттери экөөнүн көздөрү тирүү кездеринде эле ошондой баалашчу. Мындай баалоолор ал экөөнүн түбөлүктүн үлгүсү катары кала берет. Алар элибиздин сыймыгы».

1934-жылы Муратаалынын өзүнүн аткаруусунда бир топ күүлөрү Москвада чыгуучу грампластинкага жазылат. Бул иш дагы анын атак-данкынын эл арасында кенири жайылышына өбөлгө болот. Ал эми 1935-жылы 75 жашка чыккандыгына жана чыгармачылык жолунун 60 жылдыгына карата Кыргызстан Борбордук Аткаруу Комитетинин 1935-жылы, 22-декабрдагы кабыл алган токтому боюнча - Күрөнкеев Муратаалыга 60 жылдык чыгармачылык кызматы үчүн, кыргыздын комузу, кыягы, чоору менен ар түрдүү күүлөрдү ойногондугу жана өзүнүн бир катар музыкалык чыгармалары менен кыргыздын музыкасын байыткандыгы, аларды кыргыз элинин калын көпчүлүгүнө жайылтууда көп эмгек кылгандыгы үчүн - Кыргыз ССРинин Эл артисти, - деген наам берилүүсү залкар таланттын демине дем кошуп, чыгармачылык эргүү берет. Мына ушундай кубанычтуу жөрөлгө менен куттуктоо катын жазган белгилүү этнограф А.В. Затаевич: «Муратаалы карыя- кыргыз музыкасынын

билерманы. Ал комуз, кыл кыяк, чоор күүлөрүн ийне жибине чейин билет жана бул аспаптарда кыргыз күүлөрүн чеберчилик менен аткарат. Бир сөз менен айтканда Муратаалы кыргыз музыкасынын кыл чебери. Ал кыргыз музыкасын ар тараптан байытты» деген. Ушул жылдары кыргыздын нукура комузу менен кыягынын угумдуулугун арттырып, кубаттуулугун көтөрүү боюнча демилгеге кошулуп, иштин башынан аягына чейин кенешчи (консультант) болуп салым кошкон.

Муратаалы карыя 1945-жылы ардактуу эс алууга чыгат. 1945-жылдын 26-майында Муратаалынын 85 жашка чыккандыгынын жана чыгармачылык жолуна 70 жыл толгондугунун урматына ал Ленин ордени менен сыйланат. Кыргыз ССР Жогорку Советинин указы менен Фрунзедеги (азыркы Бишкек) музыкалык - хореографиялык окуу жайына М.Күрөнкеевдин ысымы берилет жана окуу жайдын алдынкы студенттери үчүн ошол кездеги наркы 300 сомдук стипендия белгиленет. Мына ошол эл кадырлаган кутман карыя Муратаалы 1949-жылдын 12-январында дүйнөдөн кайтты. Ал эми анын эли үчүн калтырган көөнөрбөс чыгармалары учурдагы кыргыз маданиятын сактоодо, жанылантууда азыркы муунду эстетикалык жактан тарбиялоодо, алдынкы музыкалык жана педагогикалык илимге негизделген окуу практикасында зор мааниге ээ болуп, баа жеткис мурас катары өз ордун таап бара жаткан кези.

**Адабияттар:**


1. Алагушев Б. Ырдагы өмүрлөр. - Фрунзе: Кыргызстан басмасы, 1988.
2. Алагушев Б. «Ырдагы өмүрлөр». - Фрунзе: Кыргызстан басмасы, 1988.
3. Күмүшалиев К. «Залкар таланттар». - Фрунзе: Кыргызстан басмасы, 1973.
4. Алагушев Б. Кылымдардын кылдары. - Фрунзе, Кыргызстан, 1983.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Сейдакматов М.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ